УДК 372.41.
**DOI:10.58494/esai.24(8).2024.01**

*Барпыбаев Турдумамбет Рысбекович,*
*доценттин м.а.,*
*Абасбекова Жылдыз Жолдошбековна,*
*Инновациялык технологиялар*
*жана энергетика институту*

## КИТЕПТИН ЖАРАЛУУ ТАРЫХЫ ЖАНА УЧУРДАГЫ АБАЛЫ

***Аннотация.*** *Макалада китептин пайда болуу тарыхы каралып, кызыктуу маалыматтар топтолгон. Китеп алгач жаралган мезгилден баштап, белгилүү маалыматтардын негизинде учурдагы абалына чейинки абалы, көйгөрлөрү, келечеги талдоого алынды. Ошону менен бирге эле белгилүү инсандардын китеп жөнүндө, китеп окуу, анын учурдагы көйгөйлөрү да талдоого алынып, талкууланды. Макаланын негизги максаты катары белгилүү маалыматтарды гана жарыялап коюу эмес, ошол маалыматтардын окурмандарга, китеп окууну сүйүүчүлөргө жеткиликтүү, ачык жана китеп окуугa ынтызарлыкты жаратуу эсептелет.*

***Түйүндүү сөздөр****: китеп, жазуу, сабаттуулук, пергамент, көчүрүү, маданият, сөз жасоо, папирус, китеп окуу.*

## ИСТОРИЯ ВОЗНИКНОВЕНИЯ КНИГИ И ЕЕ СОВРЕМЕННОЕ СОСТОЯНИЕ

***Аннотация.*** *В статье рассматривается история возникновения книги и собрано интересные факты об книгах. Рассмотрена история книги с периода появления, а также на основании достоверных информаций обсуждена состояние до наших дней, проблемы и будущее. Наряду с этим представлены обсуждения знаменитостей о книгах, о чтениях книг, его современном состоянии. Целью настоящей статьи является не только представить известные данные о книгах, а раскрыть сущность чтении книг, о пользе, а также для любителям чтений этих данных сделать доступными, открытыми и мотивировать проявленнию интереса к чтению.*

***Ключевые слова****: книга, правописание, грамотность, пергамент, копирование, культура, словослогание, папирус, чтение.*

## THE HISTORY OF THE BOOK AND ITS CURRENT STATE

***Annotation.*** *The article examines the history of the book and collects interesting facts about books. The history of the book from the period of its appearance is considered, and on the basis of reliable information, the state to the present day, problems and the future are discussed. Along with this, celebrity discussions about books, book readings, and its current state are presented. The purpose of this article is not only to present known data about books, but to reveal the essence of reading books, about the benefits, as well as to make these data accessible, open and motivate those who are interested in reading.*

***Key words****: book, spelling, literacy, parchment, copying, culture, vocabulary, papyrus, reading.*

*Бир билимдин очогу, негизги булагы - китеп.*
*Китепсиз билимдүү, илимдүү болуу мүмкүн эмес.*
*профессор Осмонакун Ибраимов*

Ар бир билимдүү адам өзүнүн билимин жогорулатуу үчүн дайыма китеп окуп туруусу зарыл, жана китеп мындай адамдарга эң мыкты жардамчы болмокчу. Ал эми биринчи китептер кантип пайда болгону жөнүндө силер ойлонуп көрдүнөр беле? "Китептин тарыхы" абдан кызыктуу. Белгилүү болгондой байыркы заманда оозеки сөз, келечек муундарга билим

берүүнүн жападан жалгыз ыкмасы болуучу. Андан соң байыркы цивилизация кат сабаттынын ойлоп таап, ар кандай жазуулар үчүн жыгачтын кабыгын, чопо такталарын, жука металл баракчаларын, таш беттерин жана башкаларды колдонушкан.



Байыркы Египетте жазууларды папирустун (тропик камыш өсүмдүгү) баракчаларына жазышкан. Мындай жазуу биздин заманга чейин 2400-жылдарга таандык. Папирустун баракчаларын атайын свитоктордо сакташкан. Грецияда кат сабаттуулук жана папирус IX же X-кылымдарда пайда болгон. Мектептерде жана ар кандай бухгалтердик эсептерде момдон жасалган такталарды колдонушкан. Момдон жасалган такталардын жакшы жагы, алардын бир нече ирет колдонууга болгон мүмкүндүгүндө: момду эритип, кайра-кайра жазышкан.

Мом такталарын негизинен бири-бири менен байлап коюшкан, балким азыркы китептердин прототиби ушундан улам чыкса керек.



Биздин замандын I-кылымында кодекс аталган байыркы кол жазмалар пайда болгон. III-кылымда алар акырындык менен папирустардын ордун ала баштайт, анткени кол жазма үчүн дагы бир материал пайда болгон, ал - "пергамент" (кагаз ойлоп чыгарылганга чейин жазуу үчүн колдонулган музоо терисинен жасалган жука материал). VI-кылымда кол жазмалардын текстерин кайра жазуу ыкмасы менен колдонушкан, анткени ал кезде печаттык машинкалар же станоктор жок болгон. Пергаменттен жасалган бир китептин үстүндө беш адис иштеген: көчүрүүчүлөр, корректорлор (көчүрүүдө ката кеткен текстти оңдоочу же түзөтүүчү), иллюминаторлор (иллюстрацияларды тартуучу адам) жана сүрөтчүлөр. Көчүрүүчүлөр китептердин массалык чыгаруу жагында иштеп, каллиграфтар (так жана бат кат жазуучу адам) өзгөчө маанилүү китептердин үстүндө иштөөгө чакырылган. Корректорлор китепти анын баштапкы кол жазмасы менен салыштырып турган. Сүрөтчүлөр кызыл тамгаларды жазышкан. Ал эми иллюминаторлор айтып өткөндөй, иллюстрация жасоонун үстүндө эмгектенишкен. Биринчи китептердин материалы катары пергамент же "велень" (торпоктун териси) колдонулган.



Китептин тышын жыгачтан жасап, сыртын тери менен капташкан. Китептин арасындагы начар сапаттагы пергаментти кармап туруу максатында китептерди байламталар жана кыстырмалар менен камдашкан. Эски китептерди эстегилечи: көлөмү чоң, салмагы оор, сырдуу байламталар жана кыстырмалары




менен. Андан соң гана орто кылымдардын аяк жагында коомдук китепканалар пайда болгон. Ал убакта баалуу китептерди уурдатпоо максатында аларды столго же китеп текчесине кыстырып, бекитип же байлап коюшкан. Китептерди, шартка ылайык, монастырларда көчүрүп жазышкан. Көчүрүү процесси абдан узакка созулган жана чыдамдуулукту талап кылган иш болгон.

VIII-кылымда биринчи университеттер пайда болуп, натыйжада китепке болгон талап жогорулаган. Ошондо китептерди жаңы ыкма менен көчүрө баштаган: китепти барактарган бириндетип, аларды көчүрүүчүлөргө беришкен. Ушуга себептүү китептерди чыгаруунун процесси кичине болсо да ылдамдаган. XV-кылымда Батыш Европада ксилография пайда болгон: жыгачтын бетине китеп барагынын матрицасы оюп-кырылып

түшүрүлгөн. Андан соң ал матрицаны боёкко чөмүлтүп, печат баскандай барактын көптөгөн көчүрмөлөрүн жасашкан. Бирок ошого карабастан китептин ар бир барагы үчүн өзүнүн жеке матрицасы керек болгон. Ал эми жыгач матрицалар убакыттын өтүшү менен жарылып калган. XV-кылымда тандалма металл элементтери менен печаттык машина пайда болгон. Анын ойлоп табуучусу "Иоган Гуттенберг" саналат. "Кагаз" жана велень материалдары китеп чыгарууда XVI-кылымга чейин бирдей көлөмдө колдонулган. Бирок кагаз материалы Европада XI-кылымда эле пайда болуп, 200-жылы эле Кытайда ойлоп табылган. XV-кылымда китептер абдан кымбат болуп, ага абдан аяр мамиле жасап колдонушкан. Мына ошол кезде чөп катты (китептин барактарынын арасына салынуучу тасма) ойлоп табышкан: алардын биринчилери жибектен жасалып, ар түрдүү саймалары менен болгон. 1800-жылдары пар менен иштеген печаттык машиналар абдан популярдуу болчу. XIX-кылымдын аягында монотиптик жана линотиптик пресстер чыгат жана XX-кылымдын жарымында Европада жылына 200 000ден ашык китеп чыга баштайт. Ал эми азыркы учурда



электрондук китеп деген түшүнүк таралууда, бирок булар жөнөкөй китептерди түртүп чыгара албайт, анткени алар ыңгайлуу жана популярдуу. Китептин пайда болуу тарыхы мына ушундай - оор жана кызыктуу... Эми, кызыктуу китепти колуңарга алып окуудан мурда, байыркы заманда китептер кандай кымбат болгонун, адамдар аларды кандай баалганын жана китеп окуу алар үчүн чыныгы бакыт болгонун эсиңерден чыгарбагыла.



Кызыктуу фактылар:

Дүйнөдөгү эң чоң китеп катары Гигастын Кодекси (Codex Gigas) саналат - XIII-кылымдын эбегейсиз зор кол жазма жыйнагы (640 беттен туруп, мукаба көлөмүнүн бийиктиги 92см, жантык узундугу 50см, калындыгы 22см, ал эми салмагы 75кг).

Дүйнөдөгү эң кичине китеп болсо А. П. Чеховдун "Хамелеон" китеби саналат. Китептин өлчөмү 0,9х0,9мм. Ар бир барагында 11 саптан текст жазылып, 3 түстөгү иллюстрациадан турат. Барактарынын бардык саны 30. Китеп 1996-жылы А.И. Коненко тарабынан Омск шаарында басылган жана мукабаланган. Брюстер Кейл аттуу адам Британияда биринчи дүйнөлүк бардык басма китептердин архивин ачам деген оюн билдирген.

**Китеп** (ар. كتاب - жазма):

1) көлөмдүү басылма;

2) маалыматты сактоонун, аны муундан-муунга өндүрүмдүү өткөрүп берүүнүн бир формасы.

Илим-билим, маданият, адабий-көркөм чыгармаларды жайылтуунун, сактоонун маанилүү каражаты. Ал коомдук мааниге ээ. Алгачкы китепти байыркы вавилондуктар, ассириялыктар ылайдан жасашкан. Алар жумшак ылай тактачага учтуу таякча менен өзгөчө белгилерди чийип жазышкан. Андан кийин тактачаны кургатып, отко бышырышкан. Мындай ылай тактачалардан китептер түзүлгөн. Ал эми Кытайда алгачкы китептер бекем жипке кабатталып өткөрүлгөн жука бамбук тактачалар түрүндө болгон. Кийинчерээк кытайлар кыл калемди тушка малып, жибекке жазышкан. Байыркы Египетте таш такталарга чегип, китеп жазышкан. Кийин алар папирусту ойлоп табышкан. Камыштын сөңгөгүн жалпайтып таптап, бири-бирине улаштырып, узундугу ондогон метрге жеткен тасма жасашкан. Жазуу жазылган мындай тасманы түтүк кылып ороп сакташкан. Египет папирусу ошол кездеги эң мыкты жазуу каражаты катары Байыркы Греция менен Римде да дээрлик 2 миң жыл пайдаланылган. Кийин Кичи Азиядагы Пергам падышалыгы учурунда (биздин заманга чейинки 2-кылым) жаңы жазуу материалы катары — айбанаттардын терисинен

пергамент жасалган. Папирус менен пергамент өтө кымбат болгондуктан, Байыркы Грекия менен Римде аларды үнөмдөө үчүн адегенде мом чапталган тактачага учтуу таякча менен жазышып, андан кийин гана папируска же пергаментке көчүрүшкөн. Ал эми орто кылымдарда китепти пергамент баракчаларынан жасалган дептерге кол менен жазышкан. Барактары бүктөлүп же бырышып калбас үчүн дептерлерди эки жагына жыгач такта коюп бириктирип көктөшкөн. Жыгач тактаны булгаары же кездеме менен капташкан.

Азыркы биз билген Комитетин алгачкы формалары мына ушинтип пайда болгон. Бирок анын белгилүү 2 негизги тарыхый түрү бар: биринчиси — түрмөк (биздин заманга чейинки 4—3-миң жылдыктар), кийин ал 2—4-кылымдан кодекс менен алмашылган. Китеп даярдоо биздин заманга чейинки 7-кылымда Египеттен Грекияга, андан Римге өткөн. 105-жылы кытай чебери Цой Лунь кагазды ойлоп тапкан. Алгачкы китеп XI-кылымда Кытайда пайда болгон. XIII-кылымдан Европада негизги жазуу материалы катары кагаз колдонулуп, XV-кылымдан китеп басылып чыга баштаган. Орустун байыркы кол жазма китеби XI-кылымдарга таандык («Остромиров инжили», 1073, 1092 ж. б.). Кол жазма доорунда китеп каллиграфиялык өзгөчө сулуулугу менен бааланып, китеп басып чыгарууну көбөйтүүгө көңүл бурулган. XV-кылымдын 40-жылдары Европада немис ойлоп табуучусу И. Гутенберг (Германия) эң жөнөкөй станок менен китеп чыгаргандан кийин китеп тарыхында жаңы доор башталган. Ал 42 саптуу Библияны полиграфиялык жол менен басса, оюм-чийимди китепке П. Шеффер (1457) биринчи түшүргөн. 1461-жылы А. Пфистер (Бамбергле) китепти тактайга оюлган сүрөт менен көркөмдөп, XV-кылымдын 70—80-жылдары Э. Ратдольт (Венеция) китеп басуу ишинде түрдүү боёк колдонгон. XV-XVI-кылымда басмаканачылар үнөмдүү, кооз, окууга эптүү ариптерди издей баштаган. Россияда китеп басууга И. Фёдоров жана П. Мстиславец биринчи жол ачып, 1564-жылы «Апостол» деген китепти басып чыгарышкан. Орус китепти басып чыгарууда агартуучу Н. И. Новиковдун (1744—1818) салымы чоң. XVIII-кылымдын акырында кагаз машинасы, XIX9-кылымдын башында басма машина, 2-жарымынан терип басуу машинасы колдонулган. Китептин тарыхында бийиктиги бир жарым метрге жеткен, бир адам көтөрө алгыс өтө чоң жана эң кичинекей «эргежээл» жана почта маркасындай болгон китептер да бар.

XX-кылымдын башынан фототехниканын колдонулушу менен китеп басып чыгарууну механикалаштыруу кыйла өркүндөгөн. Техникалык прогресс китептин формасын жана таратуу жолдорун өзгөрттү: Интернетке жайгаштырылган жана компьютердин эсинде сакталуучу цифралык китеп фонддору пайда болду. Электрондук форматта жазылган китеп *электрондук китеп (же е-китеп)*, ал эми аудиоформаттагысы *аудиокитеп* деп аталат. Учурда Кыргызстанда жылына миңге жакын аталыштагы китеп басып чыгаруучу басмаканалар иштейт. Китеп басуу мезгил талабына ылайык, жаңы технологияны колдонуу менен, башкача айтканда, компьютер аркылуу сапаттуу жана тез арада чыгарууга ыңгайлаштырылган.

Ал эми алгачкы кыргыз китебинин чыкканына 100 жылдан ашты. Белгилүү болгондой **1911-жылы Казан шаарында атактуу акын жана ойчул Молдо Кылычтын “Кысса-и зилзала” китеби жарыкка чыккан. Биринчи кыргыз китеби туралуу жана азыркы мезгилдеги китеп окуу маданияты, дегеле кыргыз тилинин кудурети тууралуу профессор, окумуштуу Осмонакун Ибраимов “Азаттыкка” маек курду.**

**"Азаттык":** Молдо Кылычтын “Кысса-и-Зилзала” деп аталган китеби Казан шаарында жарык көргөн экен. Биз ушул китепти кыргыздардын жазма маданиятынын, жазуу адабиятынын башталышы деп эсептесек болобу?

**Осмонакун Ибраимов:** 100 жыл мурда биздин улуу окумуштуубуз, тилчибиз, коомдук ишмер Ишенаалы Арабаевдин күчү, ошол кишинин демилгеси менен Молдо Кылычтын “Кысса-и Зилзаласы” чыккан. Бул көркөм чыгарманы эң биринчи кыргыз адабиятынын үлгүсү деп айтууга болот. Ошондуктан биздин жазма адабиятыбыздын китеп түрүндө чыкканына, китеп тарыхыбызга 100 жыл болду деп айтууга негиз бар.

**"Азаттык":** “Кысса-и-Зилзаланын” чыгышы менен, кыргыздар цивилизацияга кадам таштап, китеп чыгаруу тез арада өркүндөгөн деп айтып жүрүшөт, ушул чынбы?

**Осмонакун Ибраимов:** Ошол китеп кыргыз элинин бактысына ак жолтой, карлыгач китеп болду. Анын артынан эле Ишенаалы Арабаевдин, Касым Тыныстановдун китептери чыккан. Кийинчерээк Казандан же Уфадан эмес, жакын эле Ташкенден чыгып, анан Кыргызстанда да китеп чыгаруу иши жөнгө салынган. Кийин "Эркин тоо" гезити чыгып, анда Аалы Токомбаевдин ыры жарык көрдү. Ошентип, кыргыз маданияты тез жетилип, балапан курагынан өттү. Анан биздин адабиятка Касым Тыныстанов, Аалы Токомбаев, Түгөлбай Сыдыкбеков сыяктуу алптар келген.
**"Азаттык":** Дүйнөдө китеп окуу маданияты бар эмеспи, азыр бул түшүнүк Кыргызстанда кандай деңгээлде? Азыр улуу муун жаштардын дарегине сын-пикирлерди айтып, китеп окубай калышканын баса белгилешүүдө.
**Осмонакун Ибраимов:** Аалы Токомбаевдин доорун алсак гезит окуу бул өтө чоң жаңылык болгон, анткени гезиттен башка окуй турган эч нерсе болгон эмес. Андан кийинки муунга көз чаптырсак, Дүйшөн менен Алтынайдын тарыхын билесиңер, ал өзүнчө заман болгон. Биздин муунду алалы. Биздин убакта телевизор деле баарында жок болгондуктан китеп окуу менен алектенчүбүз. Эми азыркы заманда интернет пайда болду, ар кандай электрондук каражаттарды ойлоп табышууда, мына "Айпад" деген чыкты. Жаштар ошолорго алаксып жатпайбы. Заман ушундай, ондоо мүмкүн эмес. Бирок менимче баары бир билимдин очогу, негизги булагы - китеп. Китепсиз билимдүү, илимдүү болуу мүмкүн эмес.

Демек, учурда китеп окууга, аны окутууга болгон аракеттер кандай болууда? Мисалы, *Нурайым ЫСМАЙЫЛ кызы, Дубайдагы Америка университетинин билим берүү боюнча магистр бүтүрүүчүсү өз оюн төмөндөгүдөй билдирет:* "Китепкөй эмес өлкө экенбиз. Себеби бизде китеп окуу жолдору үйрөтүлбөйт, окутулбайт. Биздин билим берүү тутумунда китеп окуу деген сабак жок. «Китеп окуу» деген да сабак болчу беле деп таңкалгандырсыз.

Ушул жерден бир тактоо киргизип коёлу. Китеп окуу дегенде тамгаларды бириктирип сөздү, сөздөрдү бириктирип сүйлөмдү, сүйлөмдөрдү бириктирип текстти окуган техникалык окууну үйрөтүү эмес, жогорку деңгээлдеги китеп окуу маданиятын түшүнүшүбүз керек.

Дүйнөнүн көп өлкөлөрүнүн орто билим берүү тутумунда китеп окуу сабагы бар. Мисалы, өзүм иштеген америкалык куррикулум менен иш алып барган мектепте 1-класстан тарта балдар китеп тандоо, китепке кам көрүү, максаттуу китеп окуу, китеп окуу стратегиялары, окуп түшүнүү стратегиялары, маңыздуу жана максаттуу китеп окууга керектүү когнитивдик (таанып билүүчүлүк) жөндөмдөр, түрдүү жанрдагы китептерди окуу, ар бир жанрга тийиштүү окуу стратегиялары деген нерселерди үйрөнүшөт. Теориялык жактан эле үйрөнүп тим болушпай, күнүнө класста 40 мүнөттөн китеп окуп машыгышат. Ар бир класстын өзүнүн китепканасы болот.

Эң кызыгы, болочок мугалимдер өздөрү университеттик деңгээлде «Китеп окуу», «Окуу илими» деген курстарды алат. Окууну окутууну, аны билим берүүнүн ар бир баскычында баалоону үйрөнүп чыгышат. Окуунун маанисин терең түшүнүп, китеп окууга дилгир болушу керек. Анткени китеп окубаган, окууну сүйбөгөн мугалим балдарды кантип китепке кызыктыра алмак эле?

Дубайдагы Америка университетинде билим берүү боюнча магистратурада окуп жатканда алган сабактарымдын эң унутулгусу, эң пайдалуусу, эң кызыктуусу, инсандык да, кесипкөйлүк жактан да өнүктүргөн окуу илими *(Reading Science)* деген сабак болгон. Азыр ошол курстун үзүрүн мугалимдик кесибимде эле эмес, жеке күнүмдүк жашоомдо көрөм.

Айтайын дегеним, китепкөй, окумал өлкө болгубуз келсе, «окубас элбиз» деп кейип, аң-сезимдерге терс таасир тийгизе турган сөздөрдү айтпай, бул маселеге болгон көз караштты өзгөртүүбүз керек.

Азыркы абалыбыз жазда үрөн сеппей туруп, күз келгенде такыр талаанын жанына келип алып «быйыл буудай чыкпай койду, эгин болбой койду» деген дыйкандын акыбалына окшош. Биз эң алгач китеп окуу маданиятынын үрөнүн себишибиз керек. Башкача айтканда, мектепте китеп окууну үйрөтө баштообуз зарыл. Ага жараша мугалимдерди даярдоо саясаты жана программалары иштелип чыгышы керек. Эгер бул жаңылык биздин билим берүүгө кире турган болсо, китепкөйлүк маданияты калыптанып, коомдук сабаттуулукка түздөн-түз

тиешеси бар бир топ маселелер чечилет. Мисалы, мамлекеттик болобу, жеке болобу басма иши жанданат. Жазуучулук өнөр баалана баштайт. Китепкөй муундар тарбияланат. Анан акырындап китепкөй, окумал, чыныгы мааниде билимдүү жарандардын өнүккөн өлкөсүнө айланабыз.

Дүйнөнүн алдыңкы окумал өлкөлөрү бир заматта эле, “сыйкыр” менен окумал болуп калышкан эмес. Ал өлкөлөрдө деле адамдар китепкөй болуп төрөлүшпөйт. Алар ырааттуу жана максаттуу түрдө китеп окууну окушат, үйрөнүшөт. Мектепте күн сайын мугалимдин багыттоосу менен китеп окууга машыгышат. Жыйынтыгында, жогорку китеп окуу маданияты жаралат, өнүгөт жана калыптанат.

Мындай китеп окуу маданиятына жетишүү биздин да колдон келет!”

Жыйынтыктап айтканда, китеп окуу эмоциялык, психологиялык өнүгүүгө чоң таасир тийгизет. Эгерде бала күн сайын ата-энеси менен бирге китеп окуп убакыт өткөрсө, чексиз бактылуу болуп, өзүнө болгон ишеними артат. Психологдордун айтымына таянсак, китеп окуунун төмөнкүдөй пайдалуу жактары арбын. Китепкөйлүк көп оорунун алдын алганга жардам берет. Эң негизгиси, мээ ооруларынан коргойт. Мээнин активдүүлүгү өсүп, ооруларга туруштук бере алат. Англис илимпоздору адам китеп окуган кезде стресстен тез арыла турганын далилдеди. Китеп окуу стресстен арылуунун башка ыкмаларына салыштырмалуу алда канча натыйжалуу деп табылды. Китеп адамды кыжалат ойлорунан кутултуп, эс алдырат.